**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**СОКУЛУК РАЙОНУ**
**МАНАС**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**МАНАССКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

I чакырылыштын 3-(кезексиз) сессия

# ТОКТОМ №22

**28.02.2025- ж.** **Манас айылы**

**“Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Союзуна мүчөлүк акы төлөмү жөнүндө»**

Манас айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципиалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууларынын Союзу менен кызматташтыкты күчөтүү жана анын тийиштүү мүчөлүк акыларын убагында төлөө тууралуу билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Манас айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 22-беренесине ылайык КР ЖӨБ Союзунун мүчөсү болуп эсептелгендиктен

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Манас айылдык кеңеши жана Манас айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, КР ЖӨБ Союзунун Уставында белгиленген тартипте кызматташууну күчөтүү жана мындан ары өркүндөтүү боюнча иш аракеттерди жүргүзсүн.

2. Манас айыл өкмөтүнө жогорудагы ченемдик укуктук актылардын негзинде КР ЖӨБ Союзуна мүчө болгондуктан анын Уставынын 3.7. пункуна ылайык ар бир жылдын биринчи кварталында айыл аймактын калкынын санынын өсүшүнө жараша ар бир жашоочуга 3 сомдон кем эмес өлчөмдөгү мүчөлүк акыны жергиликтүү бюджеттин эсебинен КР ЖӨБ Союзунун эсептик счетуна которуп берүүгө уруксаат берилсин.

3. Токтомду расмий булактарга жарыялоо, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Манас айылдык кеңешинин жоопту катчысы Ч.Бердикуловага милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Манас айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э. Мусурманкуловго жүктөлсүн.

**Төрага** **К.К.Атабаев**